# Үлпүлдөк



Автор: Алла Пятибратова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Үлпүлдөк

Автор: Алла Пятибратова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган"

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Үлпүлдөк» (кыргыз тилинде), автор Алла Пятибратова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Үлпүлдөк – бул мышык эмес, ит дагы эмес. Үлпүлдөгөн ак булут. Сен аны асманды карасаң табасың.

Көргөн жоксуңбу? Силер аны короодо ойноп отуруп көрбөйсүңөр. Минткениңер, ал үлпүлдөктү капалантат.

– Бүгүн аба ырайы сонун! – деди Тима деген бала.

– Асман чайыттай ачык, кенедей булут жок! – деп кыйкырды Соня.

– Кантип эле булут жок?! – деп капалана түштү Үлпүлдөк, – А менчи?

Ал ыйлай ала турган болсо, ыйламак. Бирок Үлпүлдөк булут да, туман эмес, а көз жаш кара булутта гана болот.





Таарынып калган Үлпүлдөк булут – апасы эс алчу бийик аскага учуп келди.

– Апаке! – деп үн салды Үлпүлдөк алыстан эле келе жатып, – Эмне үчүн мени эч ким көрбөйт? Мына мен турам го! Асманда!

Апасы уулун жумшак колдору менен кучактады да, тынчтандыргысы келди:

– Сен азыр кичинекейсиң да. Чоңоёсуң, ошондо сени баары көрүшөт.

– А мени азыр баары көрүшүн каалайм!




Апасы бир аз ойлонуп турду да, жылмайып мындай деди:

– Мен бир нерсени ойлондум. Бир мүнөт чыдай тур.

Ал жакын жерде сүзүп бараткан бир аз чоңураак булутту чакырды да, бир нерсе деп шыбырады.

Капыстан эле баягы булут турпатын өзгөрттү да, баланын коляскасына окшошуп калды.



Үлпүлдөк анын мындай өзгөрүп калганына таң калды, бирок эч нерсе түшүнгөн жок.

– А эми сен коляскага отуруп, өзүңдүн ордуңа баргын! – деди да, уулун акырын түртүп койду.

Үлпүлдөк апасы айткандай кылды. Коляскага отурду да, өзүнүн ордуна барды, ал жер өзүнө жакчу. Ал жерден балдар ойногон короого кечке көз салып карап туруугa болот.



– Карагылачы, карагылачы! Кызыктай болгон булут! – деп жарыша кыйкырып калышты балдар. – Ал коляскага отуруп алган бөбөккө окшош экен!

– Кандай сонун апапак жана үлпүлдөк булут! Биздин үлпүлдөк жүнү бар мышыкка окшош экен, – деди Катя деген кыз.



Кыздын жанында балдарга таңыркай карап кичинекей ак мышык отурган. Ал балдар Үлпүлдөктү эмне үчүн чакырганын түшүнө алмак эмес, өздөрү да ага эч кандай көңүл бурушкан жок.

– Мяу, мяу! – деп койду мышык.

Ал өз тилинде мындай деп жаткан эле: «Мына, мен силер күткөн Үлпүлдөкмүн! Силер эмнеге мени карабай, баарыңар асманды карап отрасыңар?»



Мышык асманда анын «аты уйкашы» бар экенин билген эмес.

А Үлпүлдөк булут өзүн абдан бактылуу сезди. Аны эми баары көрдү!

Үлпүлдөк ылдый жерди карады жана балдар менен дос болуп, алар менен ойноону каалап турду.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Алла Пятибратова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли